УДК 373.2

Карасартова Ж.Б.
*К.Тыныстанов ат.ЫМУ*

# БАЛДАРДЫ ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК ИДЕЯЛАРГА ТАРБИЯЛООДО МЕКТЕП ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨНҮН РОЛУ

*Макалада балдарды этнопедагогикалык идеяларга тарбиялоодо мектеп жана үй-бүлөнүн ролу чагылдырылып берилген.*

Азыркы учурдагы экономикалык оор кырдаал, жаңы куруулар, реформалар үй-бүлөдө, мектепте балдарды этнопедагогикалык идеяларга тарбиялоодо өз таасирин тийгизип жатат десек жаңылышбайбыз.

Ал эми тарбия, кеңири мааниде, жаш муундарды, балдарды коомдук турмушка даярдоо, турмуштук тажрыйбага ээ кылуу болуп эсептелет. Б.а., тарбиялоо-системалуу түрдө үзгүлтүксүз жана багытталган тышкы таасирлердин жыйындысы.

Демек, тарбия түшүнүгү өсүп келе жаткан жаш муундарды турмушка даярдоонун бүткүл процессин, анын ичинде билим берүүнү жана окутууну камтый турган категория, тарбия өзүнчө процесс эмес, ал окутуунун бир жагы же болбосо бир бөлүгү болуп саналат.

Жогоруда айтылгандай, тарбия окуу процесси менен бирдикте балдарды рухий жана дене жагынан шайкеш жеткирүү максатын көздөйт. Ошондуктан мугалимдердин жана класс жетекчилердин негизги иш-аракеттери окуучуларга билим гана бербестен, алардын инсандык сапаттарын, мамилелерин, кызыкчылыгын, керектөөсүн, баалуулук багытоолоорун өстүрүүгө арналган.

Жогорудагыларды эске алуу менен, азыркы мезгилде тарбиялоонун максатын, анын милдеттерин аныктоо боюнча ар түрдүү концепциялар сунушталууда. Бирок жаш муунду ар тараптан жана гармониялуу өнүктүрүү идея катарында каралат.

Тарбиялоонун максатын жана милдеттерин аныктоо төмөнкү негиздерге таянышы зарыл:

а) тарбиялоонун максаты, милдети коомдун өнүгүү деңгээлинен, тактап айтканда, экономикалык мүмкүнчүлүктөн, саясий түзүлүштөн жана тарыхый калыптанган традициядардан көз каранды;

б) тарбиялоо максаты, милдети бири-биринен келип чыккан тарбиялоонун деңгээлдерине көз каранды (мисалы: эң жалпы адамзаттык милдет, мамлекеттик деңгээлдеги милдет, мектептик деңгээлдеги милдет, мугалимдик деңгээлдеги милдет жана башка деңгээлдеги милдеттер);

в) инсанды ар тараптан жана гармониялуу өнүктүрүү тарбиялоонун жалпы максаты катары кабыл алынышы;

г) тарбиялоо системаларын андан ары демократизациялоо жана гуманизациялоо тенденциясы сунушталат.

Инсан ар тараптан жана гармониялуу өнүгүшү үчүн тарбиялоонун бардык багыттары бир эле учурда көңүлгө алынып, тарбиялоо процесси комплекстүү жүргүзүлүшү тийиш (3).

Демек, балдарды этнопедагогикалык идеяларга тарбиялоодо төмөнкү жоболорго таянып иш алыпбаруу керектиги макалада мүнөздөлөт.

Ошондой эле бардыгыбызга белгилүү болгондой баланын тарбиясы үй-бүлөдөн башталат.

Ал эми үй-бүлөгө түшүнүк берсек, бул - маданий-тарыхый жана социалдык-психологиялык чөйрө, баланын турмуш мектеби, ата-эне болсо баланын өмүрлүк устаты жана тарбиячысы болуп саналат. Балдардын келечеги, алардын билими, маданияты, жүрүм-туруму дагы ата-энenin сиңирген эмгегине, ошондой эле этнопедагогикалык идеяларга тарбия берүүсүнө байланыштуу болот.

Ошондуктан ар бир ата-эне өзүнүн баласы билимдүү, илимдүү, маданияттуу, тартиптүү болуусун алдын-ала эсине алып тарбиялоого милдеттүү экендиги абзел.

Бизге маалим болгондой, балдардын тулку боюнун, ден соолугунун, маданиятынын калыптана турган убагында үй-бүлөдөгү туура берилген тарбиянын таасири өтө маанилүү болуп саналат.

Андыктан бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында «Билим берүү жөнүндөгү мыйзамынын» эң негизги принциптеринин бири болуп системалуу жана үзгүлтүксүз билим берүүнү камсыздоо эсептелет. Ал эми мыйзамдын эң негизги максаты бала бакчадан мектепке барганга чейинки мезгилде балдарды окутуу жана тарбиялоо маселелери пландуу түрдө ишке ашырылып, үй-бүлөгө педагогикалык жардам берүү максатын көздөйт. Ал эми балдарды тарбиялоодо жоопкерчиликтери терең болгондуктан, ата-эненин педагогикалык билимин жогорулатуу азыркы мезгилдин актуалдуу маселеси десек болот.

Ошондуктан бүгүнкү күндүн негизги талабы болгон балдарды тарбиялоо жалпы коомдук иш катары кабыл алынуусу тийиш.

Ошол себептүү Кыргызстандын эгемендүүлүгүнө ээ болушуна байланыштуу Республикалык «Билим», «Маданият», «Таланттуу балдарды жана жаштарды колдоо ж.б. программалар кабыл алынганы бардыгыбызга белгилүү.

Мына ушундай программалардын негизинде ар тараптуу иш алыпбаруу ар бир ата-эненин милдеттүү ишмердиги десек болот.

Демек, бүгүнкү күндө Кыргызстанда үй-бүлөдө балдарга этнопедагогикалык идеяларга тарбия берүүгө жана баланы ар тараптан өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бөлүнгөнү да белгилүү.

Ошол себептүү балдарды акылдуу, кайраттуу, кайрымдуу, өнөрлүү, ак ниет, чынчыл, эмгекчил болуп тарбияланууга ар убакта кыргыз эли илгертеден эле маани берип келген. Ата-эне менен баланын ортосундагы мамиле, эмоциялык сезимдер алардын каны менен жанынын биримдиги негизинде пайда болгон, буга этнопедагогикалык идеялардын тийгизген таасири да чоң десек болот.

Ошондуктан бүгүнкү күндө заман өзгөргөнгө байланыштуу үй-бүлөдө ата-энелер менен баланын ортосундагы мамиле көптөгөн кыйынчылыктарга туш болууда. Мурда бардыгыбызга белгилүү болгондой, балдар үчүн ата-эне  ичкен ашын жерге коюп, бала үчүн бүт өмүрүн арнап жашоочу. Ал эми азыр балдарга болгон мамиле төмөндөп бараткан сыяктуу сезилет. Себеби акыркы мезгилде биздин өлкөдө да таштанды балдар көбөйгөнү байкалууда десек болот.

Мунун себеби эмнеде? XX к. 90-ж. өлкөдө болгон зор өзгөрүүлөр, экономикалык кризистин натыйжасы элдин турмушунун начарлашы, кылмыштуулуктун көбөйүшү, кароосуз калган балдар менен карылардын санынын өсүшү, ар түрдүү социалдык проблемалардын, ошондой эле жумушсуздук, жакырчылык  үй-бүлө мамилелерине да өз таасирин тийгизүүдө десек болот. Андыктан балдарга ар тараптуу тарбия берүү ар бир ата-эненин  эң негизги милдети болуп саналат.

Ошондуктан мамлекет менен коомчулуктун эң негизги милдети - баланын укугун коргоо, окутуу, тарбиялоо иштерин үй-бүлөдөн өткөрүүгө жардам берүү иштери колго алынса, максаттуу болот эле.

Демек, балдар үчүн үй-бүлө эң маанилүү жана керектүү чөйрө экендиги талашсыз.

Жогорудагы түшүнүктү аныкташ үчүн төмөнкү окумуштуулардын теорияларына таянып көрсөк болот. В.С.Мухина менен Л.А.Венгер үй-бүлөдө ата-эне менен баланын ортосундагы мамилелерди изилдешкен. Изилдөөнүн жыйынтыгы алар үй-бүлөдө мектеп жашына чейинки баланын колунан келе турган, алы жеткен ар кандай жумуштарга катыштырып (кийим кийүү, жуунуу, тамактануу ж.б.) ата-эненин мактоосуна татыктуу эмоционалдык мамиле түзүлсө, максатка ылайык деп аныкташкан.

Ал эми Мухинанын айтуусу боюнча, адамдар ортосундагы карым-катнаш байланыштар баланын тартибине да таасир этет.

Ал ата-эне тарабынан көрсөтүлгөн жагымдуу катнаштар экенин аныктап, ата-эненин ишеничи менен баланы сүйүүсү, анын жакшы үлгүлүү жүрүм-турумун тарбияларын, ар

убакта балага эмоционалдуу мамиле жагат деп аныктамасын сунуштаган. Муну менен эмнеге токтолобуз, демек, балдарды тарбиялоо ата-эне менен коомчулуктун б.а. мектептин мааниси чоң экенигине дагы бир жолу күбө болдук.

Ошондой эле орус окумуштуусу Б.Т.Лихачев үй-бүлө балага эки жактуу, биринчиден, материлдык жактан камсыз болуу жагы, экинчиден, үй-бүлөнүн маданий жана руханий байлыгы таасир этээрин ачып көрсөткөн, бул көбүнчө үй-бүлөгө коомдун, анын максаты, идеологиясы, эстетикалык көз караштын, адамкерчилик мамилелердин калыптанышына да өз таасирин тийгизет деген оюн сунуштаган.

Атактуу орус педагогдору А.С.Макаренко, В.А.Сухомлинский, Е.А.Аркин ж.б. баланын ар тараптуу өнүгүшүнүн негизи үй-бүлө болуп эсептелет дешкен. Андыктан кайсы гана тарыхый доор болбосун, адамдын жекече өнүгүүсү өзү жашаган коомдо, айлана-чөйрөдө жана үй-бүлөдө өтөрүн жогорку теориялардан тастыктасак болот.

А.С.Макаренко көп жылдар бою кароосуз калган балдар менен иштеп жүрүп, балдар үчүн үй-бүлө өзгөчө орунга ээ экендигин баса белгилеген. Ошондуктан үй-бүлөдө ата-эненин өзүнүн жүрүш-турушу, бири-бирине болгон мамилеси, сый-урматы өтө маанилүү экендигин, ал эми ата-эне бала үчүн жакшы көрүнүштөрдүн үлгүсү болушу керектигин аныктаган. Андыктан үй-бүлөдөгү мамиле, тартип, режим бала үчүн атайын колдонулган ыкмалардан да көрүнөт деген оюн айткан.

Ошондой эле Т.А.Маркова үй-бүлө тарбиясынын маанилүү экендигин белгилеген бир нече факторлорду атаган. Аларга төмөнкөлөрдү белгилесек болот:

а) үй-бүлөдөгү эмоционалдуу тарбия - жылуулуктун жана бактылуу балалыктын бирден-бир шарты;

б) үй-бүлөдөгү ата-эне, ага-эже ж.б. мүчөлөрү менен узакка мамиле түзүлүп, алардын тарбиясын алууга толук мүмкүндүк берет.

в) бала кичинекей кезинен баштап эле колунан келген жумуштарга (турмуштук, эмгек, чыгармачылык, оюн) аралашуусу зарыл экендигин аныктаган.

Ошол себептүү педагогикалык теория инсанды максатка ылайык калыптандыруу үчүн тарбиянын төмөнкүдөй түрлөрүн комплекстүү түрдө ишке ашырууну талап кылат. Алар: адеп-аклак, акыл, эмгек, дене тарбиясы, эстетикалык тарбия, политехникалык, экологиялык, экономикалык, диний, саясий, укуктук, социалдык ж.б тарбиясы саналат.

Оюн, окуу, эмгек жана ар кандай иш-аракеттерде балдардын акылы, аң-сезими, жүрүш-турушу, денеси калыптанып, ар кандай мамилелер, байланыштар түзүлөт. Атап айтсак, биринчиден социалдык мамиле (жүрүм-турум, көз караш, иш-аракет, жашоо-тиричилик ж.б).

Экинчиден, адептүүлүк мамиле (Мекенге, адамга, ата-энеге, табиятка, эмгекке, илимге, мүлккө, менчикке ж.б.).

Үчүнчүдөн, эстетикалык сезимге, (коздук, сонундук, көркөмдүк жана исскуство, экологияга ж.б.) карата болгон мамиле;

Төртүнчүдөн, дене тарбиясы боюнча көнүгүү мамилелер (ден соолук гигиенасы, тамактануу, эс алуу, күн тартиби ж.б).

Ошол себептүү келечек муундарды тарбиялоо ар кандай формада жүргүзүлүп, турмуштагы бардык көрүнүштөргө балдар өзүнүн болгон мамилесин билдирет.

Балдар эмгектенүүгө, окууга тийиш, бирок бардыгы эле мындай көрүнүштөргө бирдей мамиле жасай беришпейт. Кээ бири шашпай, иштин жакшы жана толук бүтүшүн каалайт, кээ бири окууга көңүлдүү, кээ бири күн өткөрүп, окумуш болуп жүрө берет. Ошондой эле өз жерине элине, жолдошторуна, ата-энеге, туулган жерине ар кандай мамиле жасашы мүмкүн. Бири-бири не да ар кандай мамиле жасашат: кээ бири боорукер, чынчыл, акыйкат, кээ бири таш боор, зөөкүр, алдамчы, көз карама ж.б. сапаттарга ээ.

Демек, балдардын жекече касиеттери туруктуу, бекем болуп калганда гана ал өзгөрүлбөй жеке сапат болуп калат. Кээ бир балдарда ар кандай шарттарда, жагдайда да туруктуу мамиле өзгөрүлбөй сакталат. Мисалы: балдар сылык, маданияттуу болсо, ал кайда гана болбосун, ал сапатын жоготпойт.

Ошондуктан балдардын туруктуу сапатын калыптандырууда, б.а., тарбиялоодо психологияны, б.а., балдардын психикалык түзүлүшүн билүү зарыл. Мындай өзгөчөлүктөргө баланын билими, сезими, ишеничи, талабы, көз карашы, эрк чөйрөсү, жүрүм-туруму, анын турмушка болгон мамилеси кирет. Эгерде бала сылык мамиле жасаса, анда ал сылыктык эрежелерин, нормаларын билет, сылык болуу талабы өнүккөн, ички сезими жана өзүн алып жүрүүсү, сылык болуу ыкмалары туура тарбияланган жана эрки күчтүү өнүккөндүгүнүн белгиси. Ошол себептүү мына ушундай сапаттарды калыптандырууда адептүүлүккө, ыймандуулукка тарбиялоонун мааниси зор. Мисалы: адептүүлүк, ыймандуулук - калыптанган, жогорку деңгээлде өнүккөн балдардын эң баалуу касиети.

Адеп (мораль, нрава) - жүрүш-туруш нормалары, эрежелери деген түшүнүк. Аны ар бир коом, эл өзү иштеп чыгат. Ага коомдо жашаган элдердин пикири, саясаты, философиялык, диний көз караштары таасир этет.

Адептүүлүк инсандын калыптанышынын эң баалуу көрсөткүчү катары байыртадан бери эле белгилүү.

Улуу чех педагогу Я.А.Коменский «Наставление нравов» деген илимий эмгегинде байыркы Рим философу Сенсконин «Адегенде адептүү болууга, андан кийин акылмандыкка үйрөн, себеби биринчиси болбой, экинчиге үйрөнүү кыйыныраак» - деген сөзүн айтып, ким илимден алдыга чыгып, адеп-ахлактан артта калса, ал алга озгондон да артта калуусу көбүрөөк деген макалды негиздесек болот.

Ошондой эле орустун  улуу жазуучусу Л.Н.Толстойдун «Бардык илимдерден да кандай жашоо керек экенин билүү артык, көбүрөөк жакшылык кылып, жамандыктан оолак болуудан артыгы жок» - деген оюн эске салсак, балдар үчүн дагы маанилүү.

Демек, адептүүлүк адамдын аң-сезими, коомдогу көз караштар, элдик түшүнүктөр менен тыгыз байланышта, эл алдында, ата-эне, ага-тууган алдында жоопкерчиликти сезүү, уят, ар намыс, каада-салтты сактоо, жамандык-жакшылыкты айра ажырата билген бала гана ыймандуу боло алат. Баланын жүрүш-турушу анын мамилесинен байкалат десек болот. Ал эми элдик педагогикада адептүүлүккө тарбиялоодо балдарга таасир тийгизе турган жомокторду, окуяларды, элдик оозеки чыгармаларды айтып берүү менен тарбиялап келишкен. Өзгөчө, кичинекей балдар үчүн жомоктогу каармандар, алардын укмуштуудай эр жүрөктүүлүгү, баатырдыгы, чыдамдуу, кайраттуу, достук мамилелери, ар дайым кыйынчылыкты, тоскоолдукту жеңип, элге пайда кылганы ойлонтпой койгон эмес. Бул жөнүндө кенен маалыматты элдик педагогикага арналган эмгектерден көрүүгө болот.

Мисалы: кыргыз элинин улуу акыны Токтогул Сатылганов өзүнүн балдарга арналган чыгармаларында аларды гумандуулукка, чынчылдыкка, эмгекчилдикке жана токтоолукка чакырган. Ал «Балалык» деген поэмасында балдардын жаш курактык өзгөчөлүктөрүн, аларды тарбиялоодо кандайча эске алуу керектигин баяндайт. Поэманын негизги идеясы балалык жылдарды баяндоо менен, ар бир жаштын өзүнчө кайталангыс өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ата-энеге, тарбиячыга баланын психологиялык дүйнөсүн баяндайт.

Ошондой эле Барпы Алыкулов балдарды элдик салттарды кармоо менен тарбиялоого ата-энелерди чакырат. Чыныгы аял - үй-бүлөнүн бакыты, сактоочусу, балдарынын жана элдин бактысы, баланын оң сапаттарынын, мүнөзүн бала кезден тарбиялоочу, насаатчысы деген. «Балдарга насыят» деген ырында балага көптөгөн сонун кеңештерди берип, келечек, бакыт өз колунда экенин эскертет.

Ошондой эле Тоголок Молдо жазмгыч акын, кыргыз балдар адабиятынын негиздөөчүсү болгон. Ал баланын жүрүм-туруму, ага болгон мамиле, эненин балага болгон сүйүүсү, аталык милдет жөнүндө ж.б. элдик педагогикалык ойлордун негизин түзүүчү көп чыгармаларында ачып көрсөткөн. Өзгөчө, «Адам мүнөзү» деген чыгармасы айкөлдүк, акыйкаттык, үй-бүлөлүк ийгилик жөнүндө баяндап, кемчиликтерди айыптап, акыл-насаат сөздөрдү айтып, жат көрүнүш, терс жүрүм-турумдардын мисалдарын көрсөтүп, сатиралык персонаждарды айыптоо сезимин козгогон. Анын насаат ырларынын мааниси балдарды жаман адаттардан арылууга, жакшы тарбия көргөн адамдардан болууга чакырган.

Демек, жогоруда аталган акылмандардын ой-пикирлери балдарга этнопедагогикалык идеяларга тарбия берүүдө бүгүнкү күндө да максатын жоготпой келүүдө десек болот.

Ошондой эле бүгүнкү күндө ата-энелер менен тыгыз байланышта иш алпаруу аракеттери колго алынууда, б.а., Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамында ата-энелердин төмөнкүдөй милдеттери белгиленген. Алар:

-баланын жашоосуна жана билим алуусуна, ден соолугуна, акылынын, жеке денесинин өсүшүнө ата-эне шарт түзүү;

-баланы билим алуучу мекемелерге жиберип, негизги билим алуусун камсыз кылуу;

-баланын укугу жөнүндө Конвенциянын негизги принциптерин сактоо;

-билим берүү мекемелери менен кызматташ болуу.

Максатка ылайык жана ыраттуу түрдө жүргүзүлгөн этнопедагогикалык идеялардын, б.а., тарбиянын балдарга тийгизген таасири алардын өсүп-өнүгүүсүнө калыптанышына өбөлгө түзөөрү шексиз.

Ошондой эле балдардын коомдо ыңгайлануушусуна, өз алдынчалыгын коргоого, терс таасирлердин кагылышуусунан сактайт, ал эми балдардын ар кандай терс жүрүм турумдарга баруусун чектейт, ата-энелер мектеп менен бирдикте оңдоо, түздөө, кайра тарбиялоо иштерине көмөк түзөт десек болот.

Ал эми балдарды этнопедагогикалык идеяларга тарбиялоонун мааниси балдар арасында өз ара түшүнүүчүлүк, адамкерчилик мамилелерди ошондой эле өз ара кызматташтык байланыштардын түзүлүүсүнө жардам берет деген ой менен макала сунушталат.

**Адабияттар:**


1. Сластенин В.А. Педагогика. – М., 1998.
2. Подласый И.П. Педагогика. – М., 2000.
3. Мамбетакунов Э., Сияев Т. Педагогиканын негиздери. – Б., 2002.
4. Андреев В.И. Педагогика. – М., 1998.